| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧУЙ ОБЛУСУ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**КҮНТУУ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КҮНТУУСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# КҮНТУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

**2026-жыл 28-январь №1/3** **Кызыл-Туу айылы**

**Күнтуу айылында башкы суу бөлүштүргүч (БСР,БДР) куруу жөнүндө**

Күнтуу айыл аймагында 2023-жылы 2-Элдик Курултайда көтөрүлгөн сугат суу өтө көйгөйлүү маселелердин бири болгондуктан, ошондой эле айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүн арттыруу, жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана дыйкандардын эмгегине шарт түзүү максатында, Күнтуу айылындагы №457, №456, №454 контурларында жайгашкан 7,9 га жер тилкесине башкы суу бөлүштүргүч (БСР, БДР) куруу жөнүндө талкуулап, Күнтуу айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Күнтуу айыл аймагынын Күнтуу айылындагы №457, №456, №454 контурларында жайгашкан 7,9 га жер тилкесине БСР курууга макулдук берилсин;
2. БСР,БДР куруу боюнча мындан аркы иш чараны Күнтуу айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б. Суюналиев мыйзам чегинде алып барсын;
3. Күнтуу айылдык кеңештин жооптуу катчысы Н.К. Джумабаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн;
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет;
5. Ушул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрага** **Ж.Ж. Султанбеков**